Нино Сурмава

# ПИЛ



УДК 087.5
ББК 28.6
Н 67

Н 67 Пил / Нино Сурмава.
Б.: USAIDдин “Келгиле, окуйбуз!” долбоору, 2019. - 24 б.

ISBN 978-9967-9247-5-8

Бул китеп USAIDдин окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча “Келгиле, окуйбуз!” долбоору тарабынан грузин тилинен которулуп ылайыкташтырылды.

Автордук укуктар жөнүндө маалымат: ©2012-2018 АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттигинин (USAID) Грузиядагы башталгыч мектептерди өнүктүрүү боюнча долбоору (G-PriEd), Контракттын № - AID-114-C-11-00003. Долбоорду Chemonics International Inc. ишке ашырган. Бардык укуктар корголгон.

Китеп Creative Commons CC-BY 4.0 лицензиясынын шартында таркатылат. Лицензиянын көчүрмөсү төмөнкү шилтемеде берилген: https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/deed.ru

Н 480200000019
ISBN 978-9967-9247-5-8

УДК 087.5
ББК 28.6

**Нино Сурмава**

# Пил




Бишкек 2019




Билесиңби, жаныбарлардын ичинен бир гана пил секире албайт!

Себеби ал - эбегейсиз чоң!




Чоң пилдин бийиктиги 5 м, салмагы 4-5 т чейин болот.



Пил латын тилинде Elephant деп аталат. Ал «чоң арка» дегенди билдирет.


Пил чындап эле аркага окшош.



Пил Африка жана Азияда жашайт. Жашаган жерине жараша африкалык жана азиялык пилдер болуп бөлүнөт. Азиялык пилдерди индиялык пилдер деп да коюшат.



*Африка*



*Азия*

## Көрүнүшү жана түзүлүшү

### Териси

Пилдин териси быржыктуу, кат-кат болуп, өңү боз же буурул болот. Айрым учурларда териси апакай болгон альбинос пилдер да туулат.

Байыркы замандарда альбинос пилди ыйык деп, жумушка салбастан, падышалык бийликтин белгиси катары кармашчу.





## Кулактары

Эмне үчүн пилдин кулактары чоң болорун билесиңби?



Аба ырайы ысык жана үп болгондо, пилдер кулактарын желдеткич катары пайдаланышат.

## Тумшугу

Пилдин мурду менен өйдөңкү эрини биригип, тумшукту түзөт. Пилдин тумшугунун узундугу 2 метрге чейин жетет. Ал абдан жумшак жана сезимтал.



Пил тумшугу менен дем алат, суу ичет, жерден чөп, даактан жалбырак, жемиш үзүп жейт.




Тумшугунун жардамы менен өзүнө чаң чачып, сууга түшөт. Тумшугу менен пикир алышат жана бири-бирин эркелетишет.





Көрдүңбү, пил тумшуксуз жашай албайт!

## Азуулары

Азуулар пилдин зарыл органдарынын бири. Пил азуусу менен суу издеп жер казат, душманынан коргонот жана чоң устундарды ташыйт.

Душмандары менен алышканда пил тумшугун азууларына ороп, аларга тап берет.

*Эмне үчүн пил мындай кылат?*



Африка пилинен айырмаланып, азия пилинин ургаачысында азуу болбойт. Кээ бир учурда азуу эркектеринде да болбойт. Кооз жана бекем болгондуктан, пилдин азуулары жогору бааланат. Ошон үчүн аңчылар азуунун айынан африка пилдерин өлтүрүп келишет.



Пилдин азууларын эмнеге керектешет?





Пилдин азууларынан ар кандай бышык, кооз жасалгалар менен буюмдарды жасашат.

Албетте, ал жасалган буюмдар өтө кооз. Бирок ошонун аркасында канчалаган пилдин өмүрү кыйылганын элестетип көрсөң!

Адамдар дайыма пилге кызыгып келишкен. Мисалы, Франциянын падышасы Улуу Карлга пилдин азуусун көрсөтүшкөндө, ал пилдин өзүн дагы алып келип көрсөткүлө деп элчисине буйрук берген. Падышага пилди алып келип беришкен. Падыша кайсы жерге барбасын, пилди жетелетип, өзү менен алып жүргөн. Пил анын сарайында 8 жыл жашаган.


Аңчылар пилдерди азуусун гана алыш үчүн атып отуруп, пилдер жоголуу коркунучунда. 1989-жылдан тартып пилдердин азууларын сатууга тыюу салынган.

## Пилдер кантип жашайт ?

Пилдин үйүрүн ургаачы жана бала пилдер түзөт. Үйүрдөн эч бири өзүн-өзү билип бөлүнүп кете албайт. Эркек пил 11-12 жашка толгондо толук жетилип, үйүрдөн бөлүнүп, өзүнчө жашай баштайт.



Үйүрдү дайым жашы улуу жана тажрыйбалуу ургаачы пил башкарат. Ал үйүрдү коргойт, сууга, жайытка ээрчитет, тартипти сактайт. Ал дайыма үйүрдүн алдында жүрүп, кооптуу учурларда аларды коргойт.



Пил суу бар жерден эч качан алыс кетпейт, анткени ал күнүнө 80-200 литр суу ичет. Жуунам десе, андан да көп суу керек. Ал тумшугуна суу толтуруп, өзүнө чачат.



Бир сутканын ичинде пил болгону 2-3 саат гана уктайт. Калган учурда ал курсагын тойгузуу менен алек. Себеби анын көлөмүнө жараша ошончолук азык дагы керек. Пил күнүнө 150 кг чөп жана дарактын жалбырагын жейт.



Пил - камкоор жаныбар.

Пилдин баласы туулгандан бир нече сааттан кийин бутуна туруп, телчий баштайт. Адегенде көзү көрбөйт, ошон үчүн энесинин куйругун кармап жүрөт. Аны энеси гана карабастан, үйүрдүн бүт ургаачы пилдери тарбиялашат.




Пилдин баласы эч качан кароосуз калбайт. Үйүрдүн башка мүчөлөрү аны тумшугу менен эркелетишет.



*Туулганына 2 күн болгон пилдин баласы ушундай болот!*


*Жаңы туулган пилди үйүр бүтүндөй кучак жайып тосуп алат. Үйүрдүн ар бир мүчөсү аны тегеренет.*






*Пил “тилинде” бул таанышууну билдирет.*

*Эгер пилдин баласы арыкка түшүп калса, аны куткарып алышат.*





Эгер үйүрдүн ичинен бир пил ооруп калса, башкалары ага чөп, суу алып келип кам көрөт. Жыгылган пилди бардыгы тегеректеп, кайра бутуна тургузушат.



Бир жолу жаңы тууган жаш ургаачы пил  баласы менен кошо дарыяга түшүп кетет. Башка пилдер тумшуктары менен тартып чыгара албай коюшат. Окуя болуп жаткан жерге башка пилдер дагы келет. Тажрыйбалуу эки пил сууга кирип, бала пилди тумшуктары менен белинен алып кургакка түртүп чыгарышат. Калгандары болсо энесин тартып чыгарышкан.

Жээкке чыккан бала пилди тегеректеп, бүт үйүр жанынан чыкпай туруптур.

Үйүрдүн ичинен бир пил өлсө, калганы катуу кайгырат. Алар өлгөн пилди тумшугу менен акырын кармалап, тургузганга аракет кылышат. Жаткан пилдин өлгөнүн түшүнгөндө гана тумшуктары менен сурнай тартып, аза күтүшөт. Андан кийин анын үстүнө жалбырак, топурак ташташып, жерге берүү аракетин жасашат. Бир нече күн бою пилдин «мүрзөсүнө» эч нерсе жолотпой карап турушат.



## Пикир алышуу

Пилдер бири-бири менен туяктары аркылуу жер тээп, атайын дабыштарды чыгарып пикир алышат. Адам баласы алардын чыгарган дабышын уга албайт. Бирок пилдер бири-биринин дабышын жүздөгөн чакырым аралыкта уга алышат.



## Пилдин «кесиптери»

Пил өтө акылдуу жана аны колго үйрөтүү оңой. Адамдар муну эчак эле билишкен. Алар пилди минүү жана жүк ташуу үчүн үйрөтүп алышкан.

Пилдердин эске тутуму да укмуш. Алар ыйлайт, күлөт, ойнойт, атүгүл сүрөт да тарта алышат.

*Пилдер өтө татаал кулпуларды ача алат. Мындай да окуя болгон. Пилдердин бири оорумуш болуп, адамдарды алаксытып турганда, башка пилдер кулпуну ачып, качып кетишкен.*

## Жоокер пилдер

Пилдерди адегенде Азияда үйрөтө башташкан. Аларды көбүнчө согушка пайдаланышкан.

Пилдер согуш майданына өкүрүп кирип келип, жөө аскерлерди тебелеп, үрөйүн учуруп качырышкан.

Карачы, бул өтө коркунучтуу!!!





Пилдерди согушка пайдалануу демейдеги көрүнүшкө айланганда, аларды найза менен кылычтан коргоо үчүн зоот-чопкут жасай баштакан.



**Футболчу пил**

Англиянын зоопаркында Дона аттуу пилдин баласы футбол ойнойт. 2013-жылы эки эле жашта болгону менен чыныгы оюнчудай ойноп, тумшугу, буту менен дарбазага топ киргизчү!



**Сүрөтчү пил**

Айрым пилдерди сүрөт тартууга үйрөтүшөт. Тумшугу менен калемди кармап, өзүнүн келбетин, талаа, дарак жана гүлдөрдү жан дили менен тартышат.



**Сууда сүзгөн пил**

1970-жылы Индия деңизиндеги Андаман аралдарында он чакты пилге бир аралдан экинчи аралга устун ташытуу үчүн сууда сүзгөндү үйрөтүшкөн. Бүгүнкү күндө анын үчөө тирүү. Экөө сууда сүзгөндү таштап, кайра токойго кайткан. Раджан аттуу пил болсо дагы деле Индия деңизинде аралдарды бойлой сүзүп жүрөт.





### «Сулуулук сынагындагы» пилдер

Индиянын Жайпур шаарында жылына пилдердин майрамы өткөрүлөт. «Эң сулуу пил» наамын алуу үчүн пилдердин ээлери аларды жаркыраган кооз жабуулар менен кооздошот. «Бутунан тумшугуна чейин» укмуш оймолорду тартып чыгышат.

### Жаңы жыл кут болсун!

Бул - Бундга. Ал Тбилиси зоопаркында 30-декабрда туулуп, бардык элге жаңы жылдык белек болгон! Төбөсүндөгү бир нече уйпаланган кылдарын көргөн балдар ага «Бундга» (кыргызча "уйпаланган") деп ат коюшкан.



Багуудагы пилдер оңой менен тукум бербейт. Ошон үчүн Бундга туулганда, жаш-кары дебей сүйүнүшкөн.


Бундга төрт жашка чыкканда, ага ашкабактан майрамдык «торт» жасап беришкен.



Ал «тортту» Бундга энеси менен кошо жыргап жеген.



Пил секиргенди билбеген соң, ага башка жагынан жардам берели.





Таразанын бир табагына пил дагы отура алгыдай болуш үчүн экинчи табакка канча чычкан, аюу жана адам отуруш керек? Эсепте.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосунун натыйжасында мүмкүн болду. Китептин мазмуну АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттигинин же АКШнын Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.




Басууга 21.01.2020 кол коюлду.
Форматы 60 x 84 1/16.
1,5 басма табак.
Нускасы 8360. Заказ № 30.
Офсеттик кагаз.

ЖЧК «Алтын Тамга»
720040, Бишкек ш., А.Орозбеков көч., 44.
Тел.: (+996 312) 62-13-10
E-mail: altyntamga@mail.ru